# РОВАЛАНГ

## ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

**Соодадагы аталышы**
Ровапанг.
**Эл аралык патенттелбеген аталышы**
Цитиколин.
**Дарынын түрү**
Инъекция үчүн эритме
**Курамы**
Ар бир 4 мл төмөнкүлөрдү камтыйт:
*Активдүү зат:*

| | |
|---|---|
| Натрий цитиколин IHS | 1000 мг |
| *Көмөкчү заттар:* | |
| Метилпарабен USP | 7,200 мг |
| Пропилпарабен USP | 0,80 мг |
| Натрий хлориди (инъекциялар үчүн) USP | 36 мг |
| Натрий метабисульфит (инъекциялар үчүн) | 4 мг |
| Туз кислотасы USP | 0,02 мл |
| Инъекциялар үчүн суу USP | q.s. |

**Сүрөттөмөсү**
Тунук түссүз эритме.
**Фармадарылык тобу**
Нерв системасынын ооруларын дарылоо үчүн препараттар. Психоаналептиктер. Психостимуляторлор, гиперактивдүү көңүл буруу жетишсиздиги синдромунда колдонулуучу каражаттар жана ноотроптук препараттар. Башка психостимуляторлор жана ноотроптук препараттар. Цитиколин.
**АТХ коду:** N06BX06.
**Фармакологиялык касиеттери**
*Фармакодинамикасы*
Цитиколин, клеткалык мембрананын (айрыкча фосфолипиддердин) негизги ультратүзүлүштүк компоненттеринин мурдагысы болуп эсептелип, кеңири чөйрөдөгү таасирге ээ - клеткалардын жабыркаган мембраналарынын калыбына келишине түрткү берет, эркин радикалдардын ашыкча пайда болушуна тоскоолдук кылып, ошондой эле клеткалардын өлүшүн алдын алып фосфолипаз таасирин басаңдатат, апоптоз механизмдерине таасир берет. Инсульттун курч мезгилинде жабыркаган ткандын көлөмүн азайтат, холинэргиялык өткөргүчтүктү жакшыртат. Баш сөөк-мээ мертинүүсүндө мертинүүдөн кийинки команын узактыгын жана неврологиялык симптомдордун айкындыгын азайтат.

Цитиколин эс-тутумдун начарлашы, маанайдын өзгөргүчтүгү, демилгенин жоктугу, күнүмдүк аракеттерди аткарууда жана өзүн тейлөөдө кыйынчылыктар сыяктуу гипоксияда байкалган симптомдорду жакшыртат. Дегенеративдик жана кан тамыр этиологиясындагы когнитивдик, сезгичтик жана кыймыл неврологиялык бузулууларын дарылоодо натыйжалуу.

*Фармакокинетикасы*
Сиңирүү - цитиколин жакшы сиңет, т/и жана б/и куйгандан жана ичкенден кийинки биожеткиликтүүлүгү болжолдуу бирдей.

Зат алмашуу - т/и жана б/и куюуда цитиколин холинди жана цитидинди пайда кылуу менен боордо зат алмашат. Парентералдуу куйгандан кийин кан плазмасындагы холиндин концентрациясы олуттуу жогорулайт.

Бөлүштүрүү - цитиколин түзүлүштүк фосфолипиддерге жана цитидин фракцияларына - цитидиндик нуклеотиддер жана нуклеиндик кислоталарга холин фракциясын тез киргизүү менен баш мээ түзүлүштөрүндө олуттуу деңгээлде бөлүштүрүлөт. Цитиколин баш мээге кирет жана түзүлүштүк фосфолипиддер фракциясынын бир бөлүгүн пайда кылып, клеткалык, цитоплазмалык жана митохондриялык мембраналарга активдүү катарлашат.

Бөлүп чыгаруу - цитиколиндин куюлган дозасынын 15% гана адамдын организминен бөлүнүп чыгат; 3% дан азыраагы – бөйрөк аркылуу жана болжол менен 12% - чыгарылган $CO_2$ менен чыгат.

Заара менен цитиколиндин бөлүнүп чыгышын 2 фазага бөлүүгө болот: биринчи фаза, болжол менен 36 с созулат, анын жүрүшүндө бөлүп чыгаруу ылдамдыгы тез төмөндөйт жана экинчи фаза, анын жүрүшүндө бөлүп чыгаруу ылдамдыгы кыйла жайыраак төмөндөйт. Ошол эле чыгарылган $CO_2$де да байкалат – бөлүп чыгаруу ылдамдыгы болжол менен 15 с кийин тез төмөндөйт, андан кийин кыйла жайыраак төмөндөйт.

**Колдонууга көрсөтмө**
- ишемиялык инсульттун курч мезгили (комплекстүү дарылоо курамында);
- ишемиялык жана геморрагиялык инсульттардын калыбына келүү мезгили;
- баш сөөк-мээ мертинүүсү, курч (комплекстүү дарылоо курамында) жана калыбына келүү мезгили;
- баш мээнин дегенеративдик жана кан тамыр ооруларында когнитивдик жана жүрүм-турум бузулуулары.

**Каршы көрсөтмө**
- препараттын курамындагыларга өтө сезгичтик;
- ваготониясы бар оорулууларга дайындоого болбойт (вегетативдик нерв системасынын парасимпатикалык бөлүгүндө чыйралуунун басымдуулук кылышы);
- 18 жашка чейинки балдарга колдонулбайт (маалыматтар жоктугуна байланыштуу).

**Колдонуу жолу жана дозасы**
Тамыр ичине (т/и) жана булчуң ичине (б/и) куюу үчүн эритме.

Кан тамыр ичине жайдан тамыр ичине инъекциялоо (5 минута ичинде) же курч мезгилдердеги инсульттарда жана баш-сөөк мээ мертинүүлөрүндө күн сайын 1000 - 2000 мг оорунун оордугуна жараша 3-7 күн бою кийин булчуң ичине куюуга же ичүүгө өтүү менен тамчылатып тамыр ичине куюу түрүндө (минутасына 40- 60 тамчы) дайындалат. Булчуң ичине куйганга караганда, кан тамыр ичине жана пероралдуу куюу жолу артыкчылыкка ээ.

Булчуң ичине: күнүгө 1-2 инъекция. Булчуң ичине куюуда препаратты бир эле жерге кайталап куюудан алыс болуу керек.

Ишемиялык инсульттун жана баш сөөк-мээ мертинүүсүнүн курч мезгили: сунушталган дозасы диагнозун койгондон кийин биринчи суткадан баштап ар бир 12 саатта 1000 мг түзөт; дарылоонун узактыгы - 6 жумадан кем эмес.

Ишемиялык жана геморрагиялык инсульттардын калыбына келүү мезгили, баш сөөк-мээ мертинүүсүндө калыбына келүү мезгили, баш мээнин дегенеративдик жана кан тамыр ооруларында когнитивдүү жана жүрүм-турум бузулуулары: сунушталган дозасы суткасына 500-2000 мг түзөт. Дарылоонун дозасы жана узактыгы оорунун симптомдорунун оордугуна көз каранды.

Улгайган куракта гы бейтаптарга т/и же б/и куюуда Ровапанг препаратынын дозасын түзөтүү талап кылынбайт. Т/и жана б/и куюу үчүн ампуладагы эритме бир жолу колдонуу үчүн дайындалган. Ампуланы ачкандан кийин эритмени дароо колдонуу керек.

Препарат т/и изотониялык эритмелер жана декстроза эритмелеринин бардык түрлөрү менен сыйымдуу.

**Кыйыр таасири**
Кыйыр таасирлери айрым учурларды кошкондо абдан сейрек байкалат (<1/10 000).

*Аллергиялык реакциялар:* бөртмө, тери кычышуусу, анафилактикалык шок.

*Нерв системасы тарабынан:* баш оору, баш айлануу, титирөө, көзгө ар нерсенин көрүнүшү, уйкусуздук, дүүлүгүү, шал болгон буттардын сенейиши, парасимпатикалык системага түрткү берүүчү таасири.

*Тамак сиңирүү системасы тарабынан:* окшуу, кусуу, ич өтүү, табиттин төмөндөшү, боор ферменттеринин активдүүлүгүнүн өзгөрүшү.

*Башкалар:* ысуу сезими, АБ кыска убакытка өзгөрүшү, шишимиктер, энтигүү.

**Башка дары каражаттары менен өз ара таасири**
Цитиколин L-дигидроксифенилаланиндин таасирлерин күчөтөт.

Меклофеноксат камтыган дары каражаттары менен бир убакта дайындоого болбойт.

**Өзгөчө көрсөтмөлөр**
Баш сөөк ичинен канталоо учурларында 1000 мг суткалык дозасынан ашырууга болбойт,

аны минутасына 30 тамчы ылдамдыгы менен жайдан кан тамыр ичине тамчылатып куюу зарыл.

Ампуладагы эритме бир жолу колдонуу үчүн дайындалган. Ал ампуланы ачкандан кийин дароо колдонулушу керек.

Препарат кан тамыр ичине куюлуучу бардык изотониялык эритмелер жана декстроза эритмелери менен айкалышат.

*Педиатрияда колдонуу*
Балдарга колдонуу тажрыйбасы чектелген: андыктан, препарат дарылоодон күтүлгөн пайда бардык болушу мүмкүн болгон коркунучтан жогору учурларда гана дайындалышы мүмкүн.

*Кош бойлуулук жана бала эмизүү мезгили*
Цитиколинди кош бойлуу аялдарга колдонуу тууралуу жетиштүү маалыматтар жок.

Ровалангды анык зарыл болгон, б.а. дарылоодон күтүлгөн пайда бардык болушу мүмкүн болгон коркунучтан жогору учурлардан сырткары колдонууга болбойт.

*Дары каражатынын унаа каражаттарын же потенциалдуу кооптуу механизмдерди башкаруу жөндөмдүүлүгүнө таасир тийгизүү өзгөчөлүгү*
Цитиколин унаа каражаттарын жана кооптуу механизмдерди башкаруу жөндөмдүүлүгүнө таасир тийгизбейт.

**Ашыкча доза**
*Симптомдору:* препараттын кыйыр таасирлеринин күчөшү.

Цитиколинди узакка дайындоо куюу ыкмасына көз карандысыз токсиндүү таасирлер менен коштолгон эмес.

*Дарылоо:* ооду белгилерине жараша.

**Чыгаруу формасы**
Айнек ампулаларда инъекция үчүн эритме.

Пластик лотокто 4 мл.ден 5 ампула медицинада колдонуу боюнча нускамасы менен бирге картон кутуда.

**Сактоо шарты**
Кургак, жарык тийбеген, 25°C жогору эмес аба табында сакталат.

Балдар жетпеген жерде сактоо керек.

Тоңдурбаш керек!

**Жарактуулук мөөнөтү**
2 жыл.

Жарактуулук мөөнөтү бүткөндөн кийин колдонууга болбойт.

**Берүү шарты**
Дарыгердин рецепти боюнча.

SPEY


**Соода маркасынын жана каттоо күбөлүгүнүн ээси**
**Spey Medical Ltd.**
Lynton House, 7-12 Tavistock Square,
London, WC1H 9LT, UK (Улуу Британия)

**Өндүрүүчү**
**Brawn Laboratories Ltd.**
13, NIT, Industrial Area, Faridabad-121001,
Haryana, India (Индия)

**Кыргыз Республикасынын аймагында продукциянын (товардын) сапаты боюнча керектөөчүлөрдөн доо арыздарды кабыл алуучу уюмдун дареги**
«Aman Pharm» (Аман Фарм) ЖЧК, Кыргызстан Республикасы, Бишкек шаары, Шооруков көч. 36.
Тел.: (0312) 560466, E-mail: aman.pharm12@gmail.com